**«Дос-Кредобанк» ААКда нак эмес жол менен берилүүчү, күрөө камсыздоосу менен кредиттерди алуу жөнүндө айкын оферта**

Төмөндө берилген маалымат «Дос-Кредобанк» ААКдан (мындан ары – Банк) Оферта болуп эсептелет жана нак эмес түрдө кредит алуу жөнүндө жеке жактар (мындан ары – Карыз алуучу) менен Банктын бөлүмүнө келүү менен/келүүсүз билдирмени тариздөө аркылуу жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануу менен макулдашуу түзүү жана күрөө берүү боюнча расмий айкын сунуш болуп саналат.

**Ушул Офертада колдонулган терминдер жана аныктамалар.**

**Жөнөкөй электрондук колтамга** – электрондук колтамга, электрондук колтамганын өзү менен дал келген колтамганын ачкычы (One Time Password - OTP, паролдор жана башка идентификаторлор). Электрондук колтамга маалыматтык билдирүү түрүндө берилген бардык документке, же тараптар ортосундагы маалымат алмашуу макулдашуусуна ылайык жөнөтүлгөн документке карата колдонулат.

**Жеке маалыматтар** – түздөн-түз аныкталган же аныкталуучу жеке жакка (жеке маалыматтар субъектине) тиешелүү болгон ар кандай маалымат.

**Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу** - автоматташкан каражаттарды пайдалануу менен же мындай каражаттарды пайдалануусуз жеке маалыматтарды менен жасалган ар кандай иш-аракет (операция) же иш-аракеттер жыйындысы (операциялар), анын ичинде жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү), алуу, пайдалануу, берүү (жайылтуу, берүү, жетүү), ээсиздендирүү, бөгөттөө.

**Жеке маалыматтардын купуялуулугу** - Банк жана карыз алуучу тарабынан милдеттүү түрдө аткарылуучу, алардын жайылтылышына жана/же ачыкка чыгарылышына жол бербөө талабы. Мында жеке маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ачыкка чыгарылышы мүмкүн.

**Кардар/Карыз алуучу** – ушул айкын офертага кошулуу аркылуу Банк менен Келишим түзгөн, укукка жөндөмдүү жана аракетке жөндөмдүү жеке жак (резидент).

**Сатуучу** – бир жолку кредит түрүндө, ошондой эле калыбына келтирилүүчү линия түрүндө Банк менен Кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзгөн жеке/юридикалык жак.

**Верификациялоо** – кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин идентификациялык маалыматтарын текшерүү жол-жобосу.

**Сайт** – «Дос-Кредобанк» ААКнын расмий сайты (https://www.dcb.kg// шилтемеси боюнча)

**Акцепт** - ал даректелген адамдын офертанын шарттарын кабыл алуусу.

**Күрөө** - ага ылайык Карыз алуучу Негизги милдеттенмени аткарбаган учурда Күрөө кармоочу башка кердиторлордун алдында артыкчылыктуу күрөөгө коюлган мүлктүн (же күрөөгө коюлган мүлктүк укуктардын) наркынан канааттандырууну алууга укуктуу болгон, Күрөө берүүчүнүн мүлкүнө (же мүлктүк укуктарына) оордук келтирүү.

**Күрөө предмети** - жүгүртүүдөн алынган мүлктөн, ошондой эле кредитордун өздүгү менен ажырагыс байланыштуу талап кылуу укуктарынан жана башка адамга өткөрүп берүүгө мыйзам менен тыюу салынган укуктардан тышкары, Күрөө берүүчү Күрөөгө сунуштаган же берген, ар кандай мүлк, анын ичинде буюмдар жана мүлктүк укуктар.

**Күрөө берүүчү** – төмөндөгү талаптарга жооп берген жеке жак же жеке ишкер (Карыз алуучу):

- менчигинде же толук чарбалык жүргүзүүсүндө обочолонгон мүлккө же ага карата тиешелүү укукка ээ.

- өзүнүн атынан Күрөө келишимдерин түзүүгө, укуктарды ишке ашырууга жана күрөөгө берилген мүлккө карата милдеттерди тартууга укуктуу.

**Күрөө мүлкү** – кредиттик акча каражаттарынын эсебинен сатылып алынган мүлк бул кредит боюнча камсыздоо болот жана карыз алуучунун Банктын алдындагы өз милдеттенмелерин аткаруусун кепилдейт. Мында күрөө предмети тескөө укугу жок Күрөө берүүчүдө калат.

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Ушул Оферта кредитти тариздөө тартибин аныктайт, ошондой эле кредит боюнча милдеттенмелерди аткаруу Банк менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

1.2 Жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу Банктын карыз алуучусунун өз колу менен койгон колтамгасынын эквиваленти, кардарды идентификациялоо жана электрондук документтин бүтүндүгүн текшерүү куралы болуп саналат.

1.3 Ушул Офертага жөнөкөй электрондук колтамга менен кол коюу Банк тарабынан зайым каражаттарын берүүгө оң чечим кабыл алуунун кепилдиги болуп саналбайт.

1.4 Карыз алуучунун «Дос-Кредобанк» ААКда кредитти тариздөөсү ушул оферта жана карыз алуучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу шарттары менен макулдугун билдирет.

1.5 Карыз алуучу Банк жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө жана алууга укуктуу экенине макул, атап айтканда: Кредиттик Бюролордо (Бюро) кредиттик тарыхынын маалыматтарын текшерүүгө, жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга, анын ичинде КР Мамлекеттик каттоо кызматында, «Түндүк» ЭКМПда жана башка мамлекеттик органдарга жана башка уюмдарда чогултууга жана иштеп чыгууга.

1.6 Карыз алуучу электрондук колтамга менен коюлшан ушул документ (документтер пакети) кайтарымсыз экенин түшүнөт жана кагаздагы документке (документтер пакетине) барабар экенин тааныйт.

1.7 Карыз алуучу/Күрөө берүүчү ушул офертанын шарттарына макул болбогон учурда Банк кредитти андан ары тариздөөнү токтотот.

1.8 Карыз алуучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу мөөнөттү чектөөсүз, каалаган мыйзамдуу жол менен, анын ичинде автоматташкан каражаттарды пайдалануу менен же мындай каражаттарды пайдалануусуз жеке маалыматтардын маалыматтык тутумдарында жүргүзүлөт.

1.9 Карыз алуучу жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу менен жасалган операциялардын жана бүтүмдөрдүн юридикалык маанисинен кабардар жана түшүнөтписи.

## 2. Офертанын предмети

2.1 Банк сатылып алынган товар/кызмат көрсөтүү үчүн кредиттин суммасын Сатуучунун Банкта ачылган эсептешүү эсебине чегерүү аркылуу Карыз алуучуга кредит берет.

2.2 Тараптар кредиттөө принциптерин: мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук, максаттуу мүнөз, акы төлөнүүчүлүк принциптерин сактоого милдеттенишет.

## 3. Кредитти берүү жана аны пайдалануу үчүн пайыздарды төлөө шарттары

3.1 Кредит Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында берилет.

3.2 Кредиттин минималдуу суммасы – 3 000 (үч миң) сом, кредиттин максималдуу суммасы – 250 000 (эки жүз элүү миң) сом кошо алганда.

3.3 Кредитти пайдаланганы үчүн Карыз алуучу кредитти Сатуучунун Банкта ачылган эсептешүү эсебине чегерген күндөн тартып Банкка ай сайын жылдык **29,9** (Жыйырма тогуз бүтүн, ондон тогуз) пайыз, анын ичинде чегерилген пайыздардын суммасынан 2 (эки) % өлчөмүндө сатуудан салыкты төлөйт.
3.4 Төлөмдүн түрү – аннуитенттик төлөм.
3.5 Карыз алуучу кредит боюнча негизги карызды графикке ылайык өз убагында төлөгөндө, жылдык натыйжалуу пайыздык чен 34,4 (Отуз төрт бүтүн, ондон төрт) пайызды түзөт.
3.6 Кредиттөө мөөнөтү 3 (үч) айдан 24 (жыйырма төрт) айга чейин.
3.7 Кредиттин максаты – Банктын кредиттик саясатына карама-каршы келбеген керектөө/коммерциялык максаттар.

## 4. Кредитти берүү жана эсептешүү тартиби

4.1 Кредит 3.2-пунктта көрсөтүлгөн сумманын чегинде, кредиттин суммасын сатуучунун Банкта ачылган колдонуудагы эсептешүү эсебине чегерүү аркылуу берилет. Мында Банктын Кредитти берүү боюнча милдеттенмелери акча каражаттарын Сатуучунун эсебине чегерген учурдан тартып аткарылды деп эсептелет.
4.2 Бардык төлөмдөр пайдалануунун биринчи күнүн кошо алганда жана төлөө күнүн чыгарып салуу менен, Кредитти пайдалануу күнүнүн иш жүзүндөгү санына жараша 360 (үч жүз алтымыш) күнгө барабар календардык жылдын жана 30 (отуз) күнгө барабар айдын базасында эсептелет.
4.3 Негизги сумманын жана пайыздардын мөөнөтүн кечиктиргени үчүн кечиктирген ар бир күн үчүн негизги карыздын жана пайыздардын мөөнөтү кечиктирилген суммасынан 3.3-пунктта көрсөтүлгөн пайыздык чендин өлчөмүндө туум чегерилет. Бүтүндөй мезгилде чегерилген туумдун өлчөмү берилген кредиттин суммасынын 10% (Он) пайызынан ашпоого тийиш.
4.4 Тышкы экономикалык жагдайлар карыз алуучулардын ишине терс таасирин тийгизүүсүнөн улам алардын акча агымдары жана финансылык абалы өзгөргөндүгүнө байланыштуу, Банк тарабынан кредиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы/талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн карыз алуучуларга карата айыптык санкциялар, анын ичинде үстөк айып (айып пул/туум) салынбайт жана алынбайт. Мында карыз алуучулар айыптык санкциялардан, анын ичинде үстөк айыптан (айып пул/туум) бошотулушу үчүн тышкы экономикалык жагдайлардын терс кесепеттери алардын ишине таасирин тийгизгендигин тастыктоого тийиш.
4.5 Кредитти максатсыз пайдаланганы үчүн максаттуу багыты боюнча эмес пайдаланылган суммадан 20% айып чегерилет.
4.6 Карыз алуучуну тааныштыргандан жана ырастоо же Банк тарабынан көрсөтүлгөн башка иш-аракеттерди жүргүзүү аркылуу шарттарды кабыл алгандан кийин, ушул Оферта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу менен түзүлдү деп эсептелет.

## 5. Тараптардын укуктары жана милдеттери

5.1 Банк ушул Оферта боюнча, ошондой эле Карыз алуучунун кредиттин кайтарылышын камсыздоосуна байланыштуу бүтүмдөр боюнча өз укуктарын жана милдеттенмелерин Карыз алуучуга билдирүү менен башка жакка толугу менен же жарым-жартылай өткөрүп берүүгө укуктуу. Карыз алуучу ушул Оферта боюнча, ошондой эле Карыз алуучунун кредиттин кайтарылышын камсыздоосуна байланыштуу бүтүмдөр боюнча өз укуктарын жана милдеттенмелерин Банктын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз толугу менен же жарым-жартылай башка жакка өткөрүп берүүгө укугу жок.

5.2 Банк төлөм мөөнөтү келип жеткен учурда ушул Офертага байланыштуу негизги карыздын, комиссиялардын жана башка төлөмдөрдүн суммасын Карыз алуучунун банктагы сом жана чет өлкө валютасындагы эсептеринен акцептсиз тартипте алууга укуктуу.

5.3 Башка валютада (кредит валютасынан башка) акча каражаттарын акцептсиз алуу учурунда алынган акчаны кредит валютасына конвертациялоо операцияларды жүргүзүү учурундагы КРУБ эсептик курсу боюнча жүргүзүлөт.

5.4 Банк Карыз алуучунун эсебинен жаңылыш чегерилген акча каражаттарын акцептсиз тартипте алууга жана чегерүү жана/же эсептен алуу боюнча оңдоо иштерин жүргүзүүгө укуктуу.

5.5 Эгерде кредитти толук төлөгөндөн кийин Карыз алуучунун транзиттик (күндөлүк) эсебинде акча каражаттарынын калдыгы болсо, Банк калдыкты параллелдүү колдонуудагы кредиттин жана/же Карыз алуучу жаңы алган кредиттин транзиттик эсебине, Карыз алуучунун Банктагы башка эсебине чегерүүгө укуктуу.

5.6 Банк Офертага бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Карыз алуучуга Офертанын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүү Банк тарабынан Офертанын өзгөртүүлөрү/жаңы редакциясы колдонууга киргизилген күнгө чейин 10 (он) күндөн кеч эмес Банктын сайтына өзгөртүүлөрдүн/жаңы редакциясынын текстин жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат. Ушул Офертаны ар кандай өзгөртүүлөр алар колдонууга киргизилген күндөн тартып Тараптар үчүн милдеттүү болуп калат;

5.7 Банк Оферта боюнча түзмөктү кредитке сатып алганда милдеттенмелерди Карыз алуучу (кредитти төлөө) аткарбаган/талаптагыдай эмес аткарган учурда Оферта боюнча милдеттенмелерди аткарганга чейин Банктын кредит каражаттарына сатылып алынган түзмөктү бөгөттөөгө укуктуу. Карыз алуучу Оферта боюнча бардык милдеттенмелерди аткарган учурда Банк бир сутка ичинде сатылып алынган түзмөктү бөгөттөн чыгарат. Муну менен Зайымчы Банкка ушул Офертада каралган учурларда кредит каражаттарына сатылып алынган түзмөктү бөгөттөөгө өзүнүн шартсыз макулдугун берет. Түзмөктү бөгөттөө учурунда Банк түзмөктү бөгөттөөнүн мүмкүн болуучу кесепеттери үчүн эч кандай жоопкерчилик тартпайт, мында Карыз алуучу мындай бөгөттөөнүн кесепеттери үчүн бардык жоопкерчиликти өз алдынча тартууга милдеттенет жана Банкка кандайдыр бир финансылык жана башка доомattарды коюуга укугу жок.

5.8 Кредиттик Бюролордо (Бюро) катышкан финансы-кредиттик мекемелеринин жалпы кызыкчылыктарын коргоо максатында алар Бюрого тиешелүү маалыматты белгиленген тартипте берүү аркылуу башка финансы институттары менен кредиттер (банктар жана бан ишин жүзөгө ашырууга лицензиясы бар башка финансы-кредиттик мекемелер үчүн) же зайымдар (лицензиясы жок финансы-кредиттик мекемелер үчүн) жөнүндө маалыматтарды алмашуу укугун сактап калышат.

5.9 Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптардан тышкары, купуя маалыматтын жашыруун сакталышын камсыз кылууга, Карыз алуучунун алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксаты жок ачыкка чыгарбоого, ошондой эле берилген Карыз алуучунун жеке маалыматтарын алмаштырбоого, жарыялабоого же башка мүмкүн болгон ыкмалар менен ачыкка чыгарбоого милдеттенет;

5.10 Банк учурдагы ишкердик жүгүртүүдөгү мындай маалыматты коргоо үчүн колдонулган тартипке ылайык, Карыз алуучунун жеке маалыматтарынын купуялуулугун коргоо үчүн сактык чараларын көрүүгө милдеттенет;

5.11 Банк ушул документтин 5.6-пунктуна ылайык Офертанын жана (же) тарифтеринин шарттарынын өзгөрүүлөрү жөнүндө Карыз алуучуга кабарлоого милдеттенет;

5.12 Банк «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамда каралган тартипте жана негизде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Карыз алуучу жөнүндө маалыматтарды укук ченемдүү берүүнүн натыйжасында Карыз алуучуга келтирилген зыян, алынбаган пайда же моралдык зыян үчүн жоопкерчиликтен бошотулат;

5.13 Карыз алуучу каалаган убакта айып санкцияларын алуусуз кредитти толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөөгө жана кредитти жана пайыздарды төлөө графигин кайра эсептөөнү жүргүзүүгө укуктуу.

5.14 Карыз алуучу андан ары кредитти пролонгациялоо (мөөнөтүн узартуу) же реструктуризациялоо өтүнүчү менен Банкка кайрылууга, ошондой эле кредит боюнча пайыздарды жана айып санкцияларын эсептөө тартиби боюнча түшүндүрмө алууга укуктуу;

5.15 Карыз алуучу ушул Офертага кол койгон учурдан тартып кардардын карт эсебине акча каражаттары чегерилгенге чейин кредитти алуудан баш тартууга укуктуу;

5.16 Карыз алуучу ушул Офертанын шарттары менен өз убагында жана толук көлөмдө таанышууга жана сактоого милдеттенет;

5.17 250 000 сомго чейин кредит бергенде – Карыз алуучу кредитти алгандыгы жөнүндө маалыматты жубайына билдирүүгө милдеттенет.

5.18 Карыз алуучу биринчи талап боюнча Банкка зарыл документтерди, ошондой эле финансылык абалына тиешелүү маалыматтарды берүүгө милдеттүү;

5.19 Карыз алуучу ага берилген кредитти төлөө графигинде көрсөтүлгөн мөөнөттө тиешелүү сумманы Банктын кассасына нак/нак эмес салуу же тиешелүү кредиттик эсепке которуу/чегерүү аркылуу төлөөгө милдеттенет. Төлөө графиги смс-билдирүү форматында түзүлөт жана кредитти алган күнү Карыз алуучуга жөнөтүлөт;

5.20 Карыз алуучу дарегинин, реквизиттеринин өзгөргөндүгү жөнүндө жана Оферта боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарууга байланыштуу, анын милдеттенмелеринин аткарылбай калышына себеп болушу мүмкүн болгон бардык башка жагдайлар жөнүндө Банкка токтоосуз билдирет, ошондой эле аларды жоюу боюнча бардык чараларды көрөт;

5.21 Карыз алуучу муну менен Банктын мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейинки кеминде 10 банктык күн мурда маалымат такталарына жана Банктын сайтына жайгаштыруу жолу менен бул тууралуу Карыз алуучуга маалымдап, Эрежелерди жана Тарифтерди өзгөртүүгө же толуктоого укуктуу экендиги жөнүндө маалымдалды жана макул болду;

5.22 Карыз алуучу өзүнүн финансылык абалы жөнүндө, ишкердик иши жана/же мүлктүк абалы жөнүндө берилген маалыматтардын анык экендигин кепилдейт жана финансылык абалы, ишкердик иши жана/же мүлктүк абалы жөнүндө жалган маалыматтарды берүү жолу менен кредитти мыйзамсыз алгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги жөнүндө эскертилгенин тастыктайт.

5.23 Карыз алуучу Кредитордун чалуу-борборуна кайрылып, Банктын бекитилген ички процедураларына ылайык идентификациондук суроолоруна жооп беруу менен, кредитти төлөө күнү, учурдагы/пландаштырылган кредиттик төлөм, кредиттик карыздын калдыгы, толук кайтаруу учун сумма жөнүндө маалымат, ошондой эле дистанттык кызматтар аркылуу төлөө үчүн кредиттин номери тууралуу маалымат алууга укуктуу.

## 6. Жеңилгис күч жагдайлары (форс-мажор)

6.1 Тараптар эгерде бул жеңилгис күч (форс-мажор) жагдайларынын натыйжасы болсо, оферта боюнча милдеттенмелерди жарым-жартылай же толук аткарбоодон же талаптагыдай эмес аткаруудан бошотулат. Тараптар өз милдеттенмелерин өзгөртүүнүн альтернативдүү ыкмаларын биргелешип чечүүнү иштеп чыгуу

максатында көрсөтүлгөн жагдайлар башталган учурдан тартып 3 жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө жеңилгис күч жагдайларынын пайда болушу жана токтошу жөнүндө бири-бирине маалымдашат. Кабарлоо жөнүндө шарт сакталбаган учурда, бул Тарап кийин мындай жагдайларга таяна албайт.

6.2 Карыз алуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген жеңилгис күч жагдайлары келип чыккан учурда, Карыз алуучу Карыз алуучунун финансылык абалынын начарлашын ырастаган документтерди (сот актысы, ички иштер органдарынын актысы ж.б.) берүүгө милдеттүү. Ырастоочу документтер берилбеген учурда Карыз алуучунун кийин мындай жагдайларга таянууга укугу жок.

## 7. КРЕДИТТИ КАМСЫЗДОО

7.1. Камсыздоо зарыл болгон жана кол коюлган Акцептте күрөө жөнүндө маалымат (Күрөө предметин идентификациялоо үчүн жетиштүү анын жалпы сүрөттөлүшү, Күрөө предметине менчик укугун тастыктаган документтердин реквизиттери, Күрөө предметинин күрөө наркы) болгон учурда, Карыз алуучунун Кредит келишими боюнча милдеттенмелерди аткаруусу мындай күрөө менен камсыздалган деп эсептелет жана Кредитор менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерге карата ушул бөлүмдүн эрежелери колдонулат. Болбосо Карыз алуучунун Кредит келишими боюнча милдеттенмелерди аткаруучу күрөө менен камсыздалбаган деп эсептелет жана Кредитор менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерге карата ушул бөлүмдүн эрежелери колдонулбайт.

7.2. Күрөө предметинин жалпы сүрөттөлүшү, Күрөө предметине менчик укугун тастыктаган документтердин реквизиттери, Күрөө предметинин күрөөлүк наркы Акцепте жана Сатуучудан Кардарга Товарды кабыл алуу алуу-өткөрүү актында көрсөтүлөт.

7.3. Мында эгерде Күрөө предмети жүгүртүүдөгү товарлар болсо, анда Карыз алуучу сатып алган жүгүртүүдөгү ар кандай товарлар алар Акцепте көрсөтүлгөндүгүнөн (сүрөттөлгөнүнөн) же көрсөтүлбөгөндүгүнөн көз карандысыз, менчик укугунда же башка буюм укугунда алар Карыз алуучуга өткөн учурдан тартып Күрөө предмети болуп калат.

7.4. Акцепте көрсөтүлгөн Күрөө предметинин күрөөлүк наркы Тараптар тарабынан макулдашылган жана дооматтар, эскертүүлөр жок деп эсептелет.

7.5. Рынокто Күрөө предметинин баасы көбөйүү жагына өзгөргөн учурда, Карыз алуучу милдеттенмелерди аткаруу убактысынан жана мөөнөттөрүнөн көз карандысыз Кредитордун алдындагы бардык милдеттенмелерин аткарганга чейин күрөөнүн баасы өзгөрүлүшү мүмкүн эместигин Карыз алуучу тааныйт жана кепилдейт.

7.6. Күрөөгө коюлган мүлк Карыз алуучунун/Күрөө берүүчүнүн жооптуу сактоосунда, ээлигинде жана пайдалануусунда калат.

7.7. Карыз алуучу Кредит келишими боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, Кредитор Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамдарына ылайык Күрөө предметинин эсебинен өндүрүп алууга укуктуу.

7.8. Кредиттин негизги суммасын, кредитти өндүрүүгө байланыштуу чыгашаларды, ал боюнча пайыздарды, айып санкцияларын, туумдарды төлөө үчүн күрөөлүк камсыздоо жетишсиз болгон учурда Карыз алуучу Кредитордун алдында өзүнүн бардык мүлкү жана ар кандай кирешеси менен жооп берет.

7.9. Күрөө кредитти реструктуризациялоо же Кредит келишиминин шарттарын башкача өзгөртүү учурларында дагы Карыз алуучунун Кредит келишими боюнча милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылат.

7.10. Күрөө предмети болуп саналган мүлктү андан ары күрөөгө коюуга Кредитордун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жана Карыз алуучу Кредит келишиминин шарттарын талаптагыдай аткарган учурда гана жол берилет.

7.11. Эгерде Күрөө предмети болуп саналган мүлккө карата менчик укугу жана башка укуктар үчүнчү жакка өтсө (жүгүртүүдөгү товарларды сатуу учурларынан тышкары), ошондой эле талап кылуу укугун өткөрүп берүү же карызды которуу учурларында күрөө күчүн сактап калат.

7.12. Күрөө токтотулат:

7.12.1. Карыз алуучу Кредит келишими боюнча өзүнүн бардык милдеттенмелерин толук аткарганда;

7.12.2. күрөөгө коюлган мүлккө укук Кредиторго өткөндө.

7.12.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

7.13. Карыз алуучу/Күрөө берүүчү төмөндөгүлөрдү кепилдейт жана билдирет: - ал Күрөө предмети болуп саналган мүлктүн жалгыз менчик ээси болуп саналат жана Кредит келишимин түзүү үчүн бардык зарыл укуктарга жана ыйгарым укуктарга ээ; - Күрөө предмети болуп саналган мүлк сатылган эмес, башка күрөөдө турбайт, талаш-тартышта жана тыюу салууда турбайт, башка милдеттенмелердин күрөө предмети болуп саналбайт жана үчүнчү жактардын дооматтарынан эркин.

7.14. Карыз алуучу Кредиторго билдирилген Күрөө предмети жөнүндө маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартат жана анын иш-аракеттеринде күнөөсү бар же жок экендигинен көз карандысыз, Карыз алуучу тарабынан бул милдетти аткарбагандыгынан же талаптагыдай эмес аткаргандыгынан улам келип чыккан анын бардык чыгашаларынын ордун толтурууга милдеттенет.

7.15. Күрөөгө коюлган мүлктүн форс-мажор жагдайлардан улам кокустан жок болуу

тобокелдиги Күрөө

7.16. **Карыз алуучу (күрөө берүүчү) милдеттүү:** - Кредитордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз Күрөө предметин андан ары күрөөгө коюуга жол бербөөгө; - Күрөө предметинин кыймылын жазуу китебин жүргүзүүгө, ага Күрөө предметинин курамын же натуралай формасын өзгөртүүгө алып келген бардык операциялар жөнүндө, анын ичинде аны кайра иштетүү жөнүндө жазуулар акыркы операция жүргүзүлгөн күнү жазылат; - Кредитордун өкүлдөрүн Күрөө предметинин бар экендигин жана аны күтүү шарттарын текшерүү максатында анын жайгашкан жерине киргизүүгө, анын биринчи талабы боюнча зарыл болгон документтерди берүүгө; - Күрөө предметин оң/жакшы абалда кармап турууга жана күрөө токтотулганга чейин бул мүлктү күтүүгө жана оңдоого (күндөлүк жана капиталдык)/жакшыртууга бардык чыгымдарды тартууга; - Күрөө предметинин сакталышын жана күтүү үчүн тиешелүү шарттарын камсыз кылууга,

Күрөө предметинин жоголушуна, бузулушуна же мындай жоготуу, бузулуу коркунучун жараткан бардык жагдайлар жөнүндө Кредиторго токтоосуз билдирүүгө; - Карыз алуучу Кредит келишими боюнча милдеттенмелерин бузган учурда Күрөө предметин Кредиторго токтоосуз өткөрүп берүүгө; - эгерде Күрөө предмети бузулса/жоголсо, же Кредитордун пикиринде анын бузулушуна же жоголушуна реалдуу коркунуч жаралса, Кредитордун биринчи талабы боюнча жана ал көрсөткөн мөөнөттө күрөө предметин Кредиторго күрөөгө берүүгө же башка баасы бирдей күрөө мүлкүн берүүгө; - Күрөө предмети бузулган, жок кылынган (кыйраган), жоголгон учурда 5 (беш) күндүн ичинде Күрөө предметин калыбына келтирүүгө же рыноктук наркы боюнча бирдей баадагы башка мүлк менен алмаштырууга, же төлөм мөөнөтү келгенине карабастан кредит боюнча карызды (карыздын тиешелүү бөлүгүн) төлөөгө; - Күрөө предметинин эсебинен Кредитордун Кредит келишими боюнча бардык талаптарын, анын ичинде пайыздарды жана айыптарды толук көлөмдө канааттандырууга; - Күрөө предметин сатууга же кайра тариздөөгө байланыштуу бардык чыгашаларды тартууга; - Күрөө предметинин эсебинен өндүрүп алуу жөнүндө билдирүү алынган учурда аны тескебөөгө; - Кредитордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз Күрөө предметин (жүгүртүүдөгү товарлардан тышкары) сатпоого, күрөөгө койбоого, башка жол менен тескебөөгө.

7.17. **Карыз алуучу (күрөө берүүчү) укуктуу:** - Күрөө предметине анын максаттарына жана арналышына ылайык, бирок Күрөө предметин (жүгүртүүдөгү товарлардан тышкары) тескөө укугусуз ээлик кылууга жана пайдаланууга; - Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамына ылайык өндүрүп алуу боюнча ачык тооруктарда же тооруктарга чейин Күрөө предметин сатып алууга; - Күрөө предметин Кредитор сатканда аны артыкчылыктуу тартипте сатып алууга.

7.18. **Кредитор (күрөө кармоочу)** Күрөө предмети болуп саналган мүлктү сатуудан кийин, Күрөө предметинин эсебинен Кредит келишими боюнча өзүнүн талаптарын, анын ичинд кайтарылбаган кредиттин суммасын, аткарууну кечиктирүүдөн улам келтирилген чыгашаларды, аны пайдалануу үчүн пайыздарды, ошондой эле айыптарды канааттандырууда кредитти өндүрүп алууга байланыштуу тарткан чыгашалардын өлчөмүнөн ашкан акча каражаттарын кайтарып берүүгө **милдеттүү**.

7.19. **Кредитор (күрөө кармоочу) укуктуу:** - Күрөө предметинин болушун, абалын жана шарттарын документтер боюнча жана жеринде текшерүүгө. - Карыз алуучудан Күрөө предметин сактоо, коргоо үчүн зарыл болгон чараларды көрүүнү талап кылууга; - Күрөө предметине анын кыйроосуна, бузулуусуна же анын наркынын төмөндөшүнө коркунучун туудурган ар кандай кол салууну токтотууну талап кылууга; - эгерде Күрөө предмети бузулса, же Кредитордун пикиринде анын бузулушуна, жоголушуна реалдуу коркунуч жаралса, Күрөө предметин дароо күрөөгө берүүнү талап кылууга; - Күрөө предмети Күрөө кармоочунун күнөөсү жок жоголгон же бузулган учурда аны калыбына келтирүүнү же алмаштырууну талап кылууга; - Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамына жана Кредит келишиминин шарттарына ылайык Күрөө предметинин эсебинен өндүрүп алууга; - Күрөө предметинин эсебинен Кредит келишими боюнча өз талаптарын, анын ичинде кредиттин суммасынын калдыгын, аны пайдалангандыгы үчүн пайыздарды, айыптарды, ошондой эле Кредит келишими боюнча Карыз алуучунун милдеттенмесин аткарбай коюусунан улам келтирилген чыгашаларды канааттандырууга; - Күрөө предметине карата өз укуктарын Карыз алуучунун макулдугусуз үчүнчү жактарга берүүгө.

## 8. Башка жоболор

8.1 Ушул Оферта боюнча же ага байланыштуу Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаштар же пикир келишпестиктер Тараптар ортосунда сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет, ал эми макулдашууга жетишилбесе, Банктын жайгашкан жери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралууга тийиш (макулдашылган сотко караштуулук).

8.2 Ушул оферта аны менен таанышып чыккан учурдан тартып күчүнө кирет жана Тараптар ушул Офертада каралган милдеттенмелерди толук аткарганга чейин күчүндө болот.